№__педагогикалык кенешитин
Чечиминин негизинде бекитилет
"_28_"_______08_______2022-жыл

Бекитемин
В.И.Ленин атындагы жатак-мектебинин директору ________
Юсупалиева А.М.

**Мектептин ички тартип эрежелери**
**Жалпы жоболор.**

1. Уюмдагы ички эмгек тартиби иш берүүчү уюмдун кызматкерлеринин өкүлчүлүктүү орган менен макулдашылгандан кийин бекитилген ички эмгек тартибинин эрежелери менен аныкталат.
   Уюмдун ички тартибинин эрежелери- кызматкерлерди жумушка кабыл алуунун жана жумуштан бошоштуунун, эмгек келишиминин ________________________ негизги укуктарын, милдеттерин жана жоопкерчиликтерин, уюмдун иштөө режимин, эс алуу убактысын, кызматкерлерге карата колдонулуучу сыйлоо жана жазалоо чараларын жана уюмда эмгек мамилелерин жөнгө салуунун башка маселелерин ушул Кодекске жана башка мыйзамдарга ылайык жөнгө салуучу уюмдун ченемдик локалдуу актысы. Кызматкерлердин айрым категориялары үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен тартип жөнүндө уставдар жана жоболор колдонулат.
2. **Эмгек келишиминин түшүнүгү.**
   Эмгек келишими-кызматкер менен иш берүүчүнүн ортосундагы макулдашуу, ал боюнча иш берүүчү шартталган эмгектик иш милдеттер боюнча кызматкерлерге иш берүүгө, ушул кодексте, эмгектик укук ченемдерин камтыган мыйзамдарда, башка ченемдик укуктук актыларда, жамааттык келишимдерде, макулдашууларда, локалдуу ченемдик актыларды каралган эмгек шарттарын камсыз кылууга жана кызматкерге эмгек акыны өз учурунда жана толук өлчөмүндө төлөөнү камсыз кылууга ал эми кызматкер белгилүү бир кесип (адистик) квалификация же ички эмгек тартибине баш ийген кызмат боюнча жумушту жеке аткарууга милдеттенет.
3. **Эмгек келишиминин мазмуну;**
   Эмгек келишиминин мазмуну ушул кодексте каралган талаптарды сактоо менен тараптардын макулдашуусу аркылуу аныкталат. Эмгек келишими милдеттүү түрдө төмөнкүдөй маалыматтарды камтууга тийиш;
   1) Эмгек келишимин түзүү датасы жана орду;
   2) Тараптардын реквизиттери;

- Иш берүүчүнүн юридикалык жактын толук аталышы, анын жайгашкан орду, уюмдаштыруу, документтерин мамлекеттик каттоонун номери жана датасы;
- Иш берүүчүнүн (анын өкүлүнүн) фамилиясы, аты-жөнү, атасынын аты (эгерде ким экендигин ырастоочу документтинде көрсөтүлсө), социалдык коргоо күбөлүгүнүн идентификациялык номери;

3) Иш атакарыла турган жумуш орду
4) Уюмдун штаттык ырааттамасына же айкын эмгектик иш милдеттерге ылайык квалификациясын көрсөтүү менен кызматынын, адистигинин, кесибинин аталышы;
5) Иштин башталыш датасы;
6) Эмгек келишиминин колдонулуш мөөнөтү;
7) Иш режими;
8) Кызматкерлердин жана иш берүүчүнүн укуктары жана милдеттери;
9) Эмгек акы төлөө шарттары(анын ичинде тарифтик ставканын же кызматкердин кызматтык айлык акысынын өлчөмү, кошумча төлөөлөр, үстөктөр жана сыйлык төлөмдөр, иштин оор, коркунучтуу жан зыяндуу шарттары үчүн компенсацияларды төлөөлөр);
10) Эмгек шарттарынын туура мүнөздөмөлөрү, оор зыяндуу же коркунучтуу шарттардагы иш үчүн кызматкерге берилүүчү компенсациялар жана женилдиктер;
11) Тараптардын койгон колдору. Эмгек келишиминде сыноо мөөнөтүң белгилөө жөнүндө, мамлекеттик, кызматтык, коммерциялык жана башка мыйзам менен корголуучу сырларды ачыкка чыгарбоо тууралуу, кызматкер окугандан кийин келишимде белгиленген мөөнөттөн кем эмес иштеп берүү милдети жөнүндө же эгерде окуу иш берүүчүнүн каражаттарынын эсебинен жүргүзүлсө жана белгиленген мөөнөт бүткөнгө чейин кызматкердин демилгеси боюнча эмгек келишими токтотулса, чыгымдардын ордун толтуруп берүү тууралуу шарттар, ошондой эле ушул кодекске, мыйзамдарга, баш ченемдик укуктук актыларга, жамааттык келишимдерге жана макулдашууларга салыштырмалуу кызматкердин абалын начарлатпоочу башка шарттар каралышы мүмкүн. Эмгек келишиминин шарттары тараптардын макулдашуусу боюнча гана жана жазуу түрүндө өзгөртүлүшү мүмкүн. Мөөнөттүү эмгек келишимин түзгөн учурда, анда анын колдонулуш мөөнөтү жана мөөнөттүү эмгек келишимин түзүү үчүн негиз болгон кырдаал (себеп) көрсөтүлөт. Тараптардын макулдашуусу боюнча уюмдун жетекчиси, анын орун басары жана башкы бухгалтери менен эмгек келишимин түзүүдө, ушул кодексте каралгандар менен катар эмгек келишимин бузуунун кошумча негиздери белгилениши мүмкүн.

**4. Эмгек келишиминин мөөнөтү;**

Эмгек келишими төмөнкүдөй түзүлөт;

1) Аныкталбаган мөөнөткө;
2) Эгерде ушул кодексте жана башка мыйзамдарда башка мөөнөт белгиленбесе, 5 жылдан ашпаган аныкталган мөөнөтө (мөөнөттүү келишими).

   Мөөнөттүү эмгек келишими ушул мыйзамдарда каралган учурларда, ошондой эле эмгек келишими алдыдагы иштердин мүнөзүн жана шарттарын эске алуу менен аныкталбаган мөөнөткө белгилениши мүмкүн болбогондо түзүлөт. Анын ичинде;

- Уюштуруу укуктук формаларына жана менчигинин түрүнө карабастан уюмдардын жетекчилери, жетекчилердин орун басарлары жана башка бухгалтерлери менен;
- Мыйзамдарга ылайык иш орду сактала турган кызмткер убактылуу жок болгондо аны алмаштыруу үчүн;
- Убактылуу(2 айга чейин) ошондой эле иштин табигый шарттары убакыттын (сезондун) белгилүү бир мезгилинин аралыгында гана жүргүзүлө турган сезондук иштерди аткаруу убагында;
- Бөөдө кырсыктарды, аварияларды, кыйроолоду болтурбоо жана алардын кесепеттерин четтетүү жана башка өзгөчө жагдайлар боюнча шашылыш иштерди жүргүзүү үчүн;
- Уюмдун демейдеги иш аракеттери алкагына кирүүчү иштерди (реконструкциялоо, монтаждоо жана жөнгө салуу иштери, аудит) ошондой эле өндүрүштү же көрсөтүлүүчү кызматтардын көлөмүн алдын ала убактылуу кенейтүүгө (бир жылга чейин)байланышкан иштерин жүргүзүү үчүн
- Уюмдарга чакан жана орто ишкердик субъектерине жумушка кирген кызматкерлердин саны 15 ке чейинки адамдар менен уюм ачылган күндөн тартып бир жылдын ичинде, ошондой эле иш берүүчү.
-

Чаткал району Шекафтар айылы
В.И.Ленин атындагы жатак-мектеби.

# ЭМГЕК КЕЛИШИМИ.

Кыргыз Республикасынын эмгек кодексинин 2004-ж. 53 статьясынан баштап 89 статясына чейин эсепке алуу менен биз келишим түзүүчүлөр:

1чи тараптан; Чаткал районунун Шекафтар айылына караштуу В.И.Ленин атындагы жатак-мектебинин директору А.Юсупалиева.

2чи тараптан; бул мектепте иштей турган мугалим, тарбиячы,окуу бөлүмүнүн башчысы, башкы тарбиячы(жардамчы тарбиячы,класстан тышкары иштеген)

Белошева Айжан Бекмуратовна

3чү тараптан Кесиптик бирлик комитетинин төрагасы Н.Чыналиев:

**Төмөнкүлөргө милдеттенебиз.**

**1чи тарап төмөнкүлөрдү аткарууга милдеттенет:**

1.1. Кыргыз Республикасынын "Эмгек кодексинин" "Билим берүү жөнүндө" мыйзамга "Мугалимдин статусу"ж.б. тиешелүү нормативдик актыларга ылайык жетекчиликти жана көзөмөлдүктү ишке ашырат:

1.2. Кызматкерлердин иштөөсүнө ыңгайлуу шарттарды түзөт,(мүмкүнчүлүккө карап) бир ставкадан кем эмес камсыз кылат (диплом болсо, болбосо болгон ставка менен келишет) убактылуу ишке кабыл алат, кабыл алганда 1 чейрек аралык иш сыноодон өткөрүлөт.

1.3. Аткарган ишине жараша тариф негизинде, эмгек акысын, эмгек тартибин көзөмөлдөйт.

1.4. Ишмердүүлүгүнө мугалимдин ар намысын жана "Кодексин" аткаруусун, синирген эмгегине ылайык мактоого, сыйлоого сунуш кылат анын алдынкы тажырыйбаларын жайылтууга кам көрөт.

1.5. Эгер мугалим тарбиячы ж.б. ички тартипти бузса, ишине жоопкерсиз мамиле жасаса, ага жараша Эмгек кодексине ылайык (83 статья) административдик чара көрүп, жумуштан бошотот.

1.6. Кызматкерди ишке кабыл алгандыгы, башка ишке которулгандыгы жана алкыш жарыялагандыгы жөнүндө буйруктарды, сыйлыктары жөнүндөгү маалыматтарды эмгек китепчесине өз убагында жазат жана сактайт;

1.7. Иш убагында кызматкерлердин ден соолугун жана өмүрүн сактоо жана коргоо боюнча чаралардын аткарылышын көзөмөлдөйт, санитардык дептерди талап кылат.

1.8. Мугалим тарбиячылардын ж.б. иш компетентүүлүгүн, предмети жана тарбиялык иши боюнча билимин, ой чабытынын ар тараптан кенен болушун талап кылат. Өз ара сабактарга, тарбиялык сааттарга класстан тышкаркы иштерге катышууга, маданий массалык, коомдук иштерге активдуу катышып, ата-энелер менен тыгыз байланыш түзүп, окуучулардын сабакка жана подготовкага келишин жүрүш-турушун көзөмөлдөйт техникалык коопсуздук иштерин жүргүзөт жана окуучулардын жашоо шартын талап кылат.

**2 чи тарап төмөнкүлөрдү аткарууга милдеттенет:**

2.1 Билим Кодексинин "Билим беруу жонундо", "Мугалимдин статусу" жөнүндө мыйзамдардын ж.б.билим берүү тармагына тиешелүү нормативдик актыларын талаптарын толук аткарууга:негизиндеги мыйзамдарды толук аткарат.

2.2. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана маданият министрлигинин 2001-жылдын 26 июлундагы №371Y1 буйругу менен бекитилген "Жалпы билим берүүчү мектептердин коюлуучу квалификациялык талаптарды" кыйшаюсуз аткарууга:

2.3. Тарификациялык комиссия жана администрация катышып болуп берген иш ставка үстүндө иштөөгө.
2.4. Тарбиялык иш план түзүп алып барууга.
2.5. Мектеп администрациялардын буйруктарын, ооз эки берген көрсөтмөлөрүн пед.советтин чечимдерин, анда көрсөтүлгөн кемчилдиктер үстүндө иштөөгө;
2.6. Окуучуларды тарбиялоодо педагогикалык чыгармачыл менен иштөөгө; Тарбиячылар жана окуучулар милдети үстүндө иш алып барууга; өз ара тарбиялык сааттарга предметтик сабактарга катышып семинардык тажырыйба жайылтууга:
2.7. Окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүн эске алып окуучулардын жатаканасын азыркы учурга жараша жасалгалоого:
2.8 Окуучулардын, корпустун санитардык-гигиеналык абалына өзгөчө көңүл бөлүүгө:
2.9 Ата-энелер менен байланыш түзүп, тартиби начар, шарты оор окуучулар үстүндө иштөөгө, мектепке ата-энелик төлөмдөрү чогултууга көмөктөшүүгө:
2.10 Күндөлүк режимди аткарып окуучулардын өзүн-өзү башкарууну уюштуруп, ашканада тамактануу эрежелерин сактоого;
2.11 Өзү окуткан предмет боюнча окуучулардын билим денгээлин төмөндөтпөстөн дайыма жогорулатуунун үстүндө иш алып барууга жана окуучулардын сабакка жана подготовкага келишин үзгүлтүккө учуратпай көзөмөл кылууга:
2.12 Окуучулардын техникалык коопсуздугун өрткө каршы күрөшүүнү уюштурууга;
2.13 Эмгек кодексинин 2004-жылдагы 83 статья негизинде себепсиз 3 саат ишке келбей калууну, жумушта мас абалда болбоону, бангилик заттарды пайдаланбоого мамлекет мүлкүн талап тонобоону, эмгек тартибин өзгөчө сактоого;
2.14 Мектепте жана коомдук жайларда өзүн таза, тыкан алып жүрүүгө, жүрүм туруму менен окуучуларга үлгү болууга;
2.15. Эмгек жамаатынын арасында ынтымакты чындоого,моралдык психологиялык климатты курчутпоого, жаатташууга жол бербөө;
2.16 Пенсия жашына келгенде мектеп администрациясы сунуш кылган жүктөм менен иштөөгө.
2.17 Иштеген ишине жараша эмгек акынын туура төлөнүшүн, эмгегине жараша сый урмат көрсөтүлүшүн талап кылат;
2.18 Жылына бир жолу медициналык кароодон өтүүгө милдеттенет.
2.19 Эмгек отпускага чыгууну, ден соолукту чыңдоону талап кылат;

**3-тараптан кесиптик бирлик комитети төмөнкүлөрдү аткарууга милдеттенет:**

3.1 КБК ар бир мүчөсүнүн социалдык эмгек укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргойт.
3.2 Эмгек келишимдин аткарылышына көзөмөл жүргүзөт.
3.3.Мугалимдерди иш менен камсыздоого көмөк көрсөтөт.
3.4.КБК макулдашуусу боюнча эмгек акы төлөө жана материалдык жактан кызыктыруу формасынын системасын белгилейт, сыйлоо жөнүндө сунуш кылат.
3.5.Келишим боюнча милдеттерди аткарбаса бир гана КБК аны менен эмгек келишимин жоюга же кызмат ордун жумуштан алуу укуктуу.

Жогорудагы милдеттерди үч тарап тең так жана туура аткарууга милдеттенет.
Келишим эки нускадан жана 1 жылдык мөөнөттө түзүлдү.
Келишим кол коюлган күндөн баштап күчүнө кирет, кызматка иштен бошогонго чейин жарактуу.
Келишимдин 1 нускасы мекеменин жетекчилигинде сакталат.
Келишимди бузгандар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын алдында бирдей жоопкер.

**Кол коюлду:**

1 чи тараптан мектеп директору:________________________ А.Юсупалиева.
2 чи тараптан ________________ Бегалиева А
3чү тараптан________________________ Н.Чыналиев
«12» сентябрь 2022-2023-окуу жылы.

**Чаткал районунун В.И.Ленин атындагы жатак-мектебинин ата-энелер менен болгон чогулушунун Токтому:**

02.02.2023-жыл

Катышкандар: Мектеп администрациясы
Класс жетекчилер
ИДН
4-б, 4-г класстарынын окуучулары.

**Күн тартибиндеги маселе:** 4-б, 4-г класстарынын эркек окуучуларынын тартиби жөнүндө.

**Угулду:**

Күн тартибиндеги маселе боюнча мектеп директору Юсупалиева Алима Мамадалиевна сөзгө чыгып ата-энелерге бугунку күн тартибиндеги маселе тууралуу айтып төмөнкүлөргө токтолду.Жатак-мектеп болгондуктан бул жердеги окуучулардын бир күндүк режими баары такталган, күндүзү мугалимдердин, түнкүсүн түнкү тарбиячылардын көзөмөлүндө болот, бирок ошого карабай балдардын тартибинде маселе жаралган экен.Алар 4-б жана 4-г классынын эркек балдарынын ортосунда. Ушуга байланыштуу ата-энелер сиздер, бул жерде иштеген мугалим, тарбиячылар тыгыз байланышта болуп балдардын тартибине, окуусуна биргелешип күрөшсөк жакшы болот эле, анткени 5күн биздин көзөмөлүбүздө болсо, 2 күн үйлөрүнө кетишет.

Башкы тарбиячы Гулсара Маткеримова сөзгө чыгып, окуучулардын тарбиясы боюнча кененирээк токтолду.Азыркы күндө балдардын тарбиясына баарыбыз бирдей олуттуу карашыбыз керек.Жашоодо жаш балдар арасында да ар кандай кылмыштар катталып жатканын байкап көрүп жүрөбүз. Ошондуктан үйгө барганда сиздер сөзсүз тарбиясы боюнча иш алып барыңыздар, мектептеги ушак сөздөрдү сураштырбай, өзүлөрүн мектепте, жатаканада, жолдо кантип алып жүрүү, кимге кандай мамиле жасоону сөз менен , керек болсо ошону көрсөтүп айтыңыздар, үйрөтүңүздөр.

Соц педагог Нурумбетов Алтынбек окуучулардын тарбиясы боюнча токтолду. Айрыкча эркек балдар арасында көзөмөлдү күчөтөлү.Азыркы убакта жаш класстар арасында да салык салуу, рекетчилик боюнча да кылмыштуулук катталып жатат. Милициялардын каттоосуна тушкөнгө жеткирбей, ар бирибиз оз милдетибизди так аткаралы. Балдардын тарбиясы начар болсо да созсүз сабака кедергисин тийгизет, өзүнө гана эмес башкаларга да зыянын тийгизет. Мугалимдер сабагын мыкты денгээлде өтүү үчүн,окуучулар убагында сабагын жакшы түшүнүү үчүн тарбиясына көбүрөөк маани берели, келечегине балта чаппайлы десек, алардын жүрүш турушуна жаштыгынан маани берели.

ИДН болуп иштеген Айзада Дуйшенкул кызы өз сөзүндө балдардын тарбиясын мугалимдерге эле жүктөп койбостон тен карайлы. Жаштык кылышып урушуп калышкандыктан балдар кай жакта болбосун байкаштырып, маани берип көзөмөлдөп жүрөлү.Олуттуу учурлар катталып калса, албетте зыянын тийгизбей

койбойт, ошого жеткирбегенге аракет кылалы. Бизде иш боюнча расписение боюнча келип чогулуштарды уюштуруп келе жатам, биргеликте иш алып баралы. Ата-энелер да сөзгө чыгышып, ар бири балдарынын тарбиясына токтолуп,жаштык кылышкандыктан ушундай ишке барышканын айтып, мектептен тышкаркы убакта көзөмөлүн күчөтөрүн айтышып өттү.
Тартип бузган окуучулар баардык чогулуш катышуучуларынын алдында кечирим сурашып, кайталанбастыгы боюнча сөз беришти.
Жогорудагы маселе боюнча сунуштарды баары бир добуштан колдошту.
Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап чогулуш төмөнкүдөй

ТОКТОМ КЫЛАТ

1. Окуяга тишеси бар окуучуларга кайталанбастыгы үчүн эскертүү берилсин.

2.Эгерде кандайдыр бир дагы ушундай учурлар катталып, олуттуу маселе жаратышса өз айылдарына алып кетүү ата-энелерине жүктөлсүн.

Чогулуштун төрайымы: А.Юсупалиева

Катчы: Н.Садыкова